Абды Суеркулов айылдык кеңешинин I чакырылышынын XI сессиясынын 23-декабрь 2025-жылдагы 59-токтому менен бекитилген.
Тиркеме 2

**“Абды Суеркулов айыл аймагынын Ардактуу атуулу” наамын берүү тартиби жөнүндө**

**Жобо**

## I. Жалпы жоболор

**1.1 “**Абды Суеркулов айыл аймагынын Ардактуу атуулу” наамын берүү тартиби жөнүндө Жобо (мындан ары жобо) “Абды Суеркулов айыл аймагынын Ардактуу атуулу” наамын (мындан ары наам) берүүнүн тартибин аныктайт.

1.2 “Абды Суеркулов айыл аймагынын Ардактуу атуулу” наамын ыйгаруу төмөнкү жол-жоболордун тутумун камтыйт:

-наамды ыйгаруунун шарттары:

-талапкерлерге коюлуучу талаптар:

-талапкерлерди сунуштоо тартиби:

“Абды Суеркулов айыл аймагынын Ардактуу атуулу” наамынын ээсине берилүүчү өзгөчө укуктар:

1.3 “Абды Суеркулов айыл аймагынын Ардактуу атуулу” наамы, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын эн жогорку наамы болуп саналат.

## II. “Абды Суеркулов айыл аймагынын Ардактуу атуулу” наамын ыйгаруунун шарттары

« Абды Суеркулов айыл аймагынын Ардактуу атуулу” наамына талапкерди жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары (айылдык кеңеш, айыл өкмөтү) жана айыл аймакта жайгашкан мекеме-ишканалардын эмгек жамааттары, коомдук саясий уюмдар сунуштайт.

2.2 “Абды Суеркулов айыл аймагынын Ардактуу атуулу” наамына сунушталган талапкерлердин документтери айылдык кеңеш тарабынан кабыл алынып, аны айылдык кеңештин “Регламент, депутаттык этика, мандат, укук жана мыйзамдуулук” боюнча түзүлгөн туруктуу комиссиясынын кароосуна жөнөтөт.

2.3 Айылдык Кенештин алдындагы ”Регламент, депутаттык этика мандат, укук жана мыйзамдуулук” боюнча туруктуу комиссиясы өзүнүн ишин Кыргыз Республикасынын укуктук мыйзамдарынын жана ушул жобонун негизинде жүргүзүп, “Абды Суеркулов айыл аймагынын Ардактуу атуулу” наамына ушул жобонун 3/2 бөлүгүнө жооп берген талапкерлерди айылдык кеңештин сессиясына сунуштайт. Ардактуу атуулу наамын депутаттардын макулдугу жана ачык добуш берүү менен жүргүзүлөт.

2.4 “Абды Суеркулов айыл аймагынын Ардактуу атуулу” наамын ыйгаруу айылдык кеңештин сессиясындагы депутаттардын кароосуна коюлуп, депутаттардын жалпы

санынын көпчүлүк  добушуна ээ болгондон кийин, “Абды Суеркулов айыл аймагынын Ардактуу атуулу” наамы берилет.

2.5 Абды Суеркулов айылдык кеңешинин сессиясында, “ Абды Суеркулов айыл аймагынын Ардактуу атуулу” наамына өтпөй калган талапкер учурдагы чакырылыштагы депутаттардын кароосуна кайра сунушталбайт.

2.6 “ Абды Суеркулов айыл аймагынын Ардактуу атуулу” наамына жылына бир жолу, 31-август Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүк күнүнө карата 14 адамга, Абды Суеркулов айылдык кеңешинин төрагасына өзгөчө учур катары 4 адамга аталган наамды ыйгарууга укук берилет.

2.7 “Абды Суеркулов айыл аймагынын Ардактуу атуулу” күбөлүгү, айылдык кеңештин төрагасы тарабынан күбөлөндүрүлөт.

2.8 “Абды Суеркулов айыл аймагынын Ардактуу атуулу” наамына ээ болгон жарандарга күбөлүк жана төш белги расмий түрдө тапшырылат.

## III. “ Абды Суеркулов айыл аймагынын Ардактуу атуулу” наамына көрсөтүлгөндөргө коюлуучу талаптар

3.1 “Абды Суеркулов айыл аймагынын Ардактуу атуулу” наамы Абды Суеркулов айылынын аймагында 15 жылдан кем эмес жашап жана  иштеген, айыл үчүн өзгөчө эмгек синирген жергиликтүү өз алдынча башкаруунун мүчөсү алышы мүмкүн.

3.2 “Абды Суеркулов айыл аймагынын Ардактуу атуулу” наамы, бүтүндөй айылдын экономикалык-социалдык, маданий жана коомдук турмушуна өзгөчө салым кошкон атуулга ыйгарылат:

-Мурдагы СССРдин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин депутаттары Абды Суеркулов айыл аймагынын айылдарынын өнүгүсүнө салым кошкон
-өзүнүн иштеген милдеттерин жана эл тарабынан жүктөлгөн милдеттерин аткарууда жогорку жоопкерчилик менен мамиле жазаган
-өсүп келе жаткан мундарды окутууда жана тарбиялоо өзгөчө натыйжаларга жетишкен
-спорт тармагында өзгөчө натыйжага жетишен спортсмендерге жана тренерлерине
-калктын саламаттыгын сактоо тармагында көп жыл эмгектенип, өзгөчө натыйжаларды камсыз кылган
-коомдук тартипти чыңдоодо өзүнүн жеке катышуусу менен өзгөчө салымын кошкон
-айылдын коомдук-маданий жана элдик чыгармачылыкты өнүктүрүүгө өзгөчө жеке салымын кошкон
-жогоруда саналган көрсөткүчтөр менен катар жергиликтүү коомдук пайдалуу эмгекте активдүү катышууда жана кайрымдуулук иштеринде өзүн көрсөткөн, жеке жана үй-бүлөөдө, үйдө жана чарбачылыкты үлгү болоорлук денгээлде күтө билген, жүрүш-турушу менен таанылган, коомго зарыл болгон өзгөчө тейлөөдө кызматтарын көрсөткөндөргө
-сот жообуна тартылбаган жана соттуулудугу алынган атуулдар

3.3 Айылдык кенештин чечими менен “Абды Суеркулов айыл аймагынын Ардактуу атуулу” наамы жашына жана стажына карабастан эмгектеги коомдук турмуштагы өзгөчө каармандык иштери үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруунун мүчөлөрүнө, ошондой эле айылдык экономикасын, маданиятын социалдык турмушун өнүктүрүүдө жана жаштарды тарбиялоодо өзгөчө эмгек синирип, ардактуу эс алууга чыккан ардагерлерге жана пенсионерлерге берилиши мүмкүн.

3.4 Айылга керектуу социалдык курулуштарды куруп, жана жумушчу орундарын түзгөн эл керектоочу товарларды чыгарган, чет элдик инвестицияларды тартып, айылдын социалдык-экономикалдык өнүгүүсүнө өзгөчө салым кошкон жеке ишкерлер, бизнесмендер, коомдук жана өкмөттүк эмес уюудардын өкүлдөрүнө:

3.5 “Абды Суеркулов айыл аймагынын Ардактуу атуулу” наамы айылдын аймагында төрөлүп, Кыргызстандын атуулу болгон, жүйөлүү себептер менен айылдын аймагынан сыткары жерде жашап, бирок айылдын экономикалык-социалдык, маданий жактан өнүгүшүнө жеке өзүнүн көрүнүктүү салымын кошкон инсандарга берүүгө болот.

3.6 Төмөндөгү наамдары бар инсандарга артыкчылык берилет:

- Ата Мекендик согуштун ардагерлерине
- Интернационалдык милдеттерди (Афганчылар,Чернобычылар) аткарып сыйлыкка ээ болгондорго
- Мурдагы СССРдин учурундагы жана азыркы мезгилдеги синирген эмгектери үчүн ордендердин жана медалдардын ээлерине
-Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктарынын ээлерине
- Кыргыз Республикасынын эмгек синирген ишмерлерине
- Көрүнүктүү илимий даражалуу окумуштууларга
- Мурдагы СССРдин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенештин депутаттарына
-Абды Суеркулов айыл аймагынын өсүп өнүгүшүнө салым кошкондорго

3.7 “Абды Суеркулов айыл аймагынын Ардактуу атуулу туулу” наамына талапкерлер төмөнкү официалдуу документтерди даярдайт:

- Талапкерлерди наамга көрсөткөн мекемении жана жаматтын, саясий уюмдун, ишкананын сунушу, кайрылуусу
- Талапкер айылдан көрсөтүлсө аталган айылдын элдик жыйындын токтом, протоколу
- Өздүк баракчасы сүрөтү менен
- Талапкерлердин өмүр баяны
- Мамлекеттик сыйлыктарынын көчүрмөлөрү
- Республикага, облуска, айылга жана өзү жашаган аймака синирген өзгөчө эмгектери тууралуу тастыктаган маалыматтар жана справкалар
- 3х4 формасындагы 2 даана сүрөт
- Паспортун көчүрмөсү
- Соттолбогондугу тууралуу справка

**IV “ Абды Суеркулов айыл аймагынын Ардактуу атуулу ” наамына ээ болгон инсандардын өзгөчө укуктары**

4.1 Айылда өткөрүлгөн чогулуштардын ардактуу мейман катары чакыруу менен катышууга

4.2 Айыл аймагындагы муниципалдык коомдук транспортоо акысыз жүрүүгө жана муниципалдык унаа токтотуучу жайлар менен акысыз пайдаланууга

4.3 Мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан кезексиз кабыл алынууга.